Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Жума,
2025-жылдын
15-августу

№61 (3717)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА

## VII ЭКОНОМИКАЛЫК ФОРУМ – ӨНӨКТӨШТҮКТҮН НАТЫЙЖАЛУУ АЯНТЧАСЫ

***2024-жылы Кыргызстан менен Орусиянын ортосундагы өз ара соода алмашуунун көлөмү 3,9 млрд АКШ долларына жетип, 25%га өстү. Кыргыз товарларынын Орусияга экспорту дээрлик 40%га көбөйгөн. Орусиянын Кыргызстандын экономикасына салган түз инвестицияларынын көлөмү 280 млн АКШ долларын түздү.***




Бул тууралуу Президент Садыр Жапаров кечээ Чолпон-Ата шаарында өтүп жаткан VII кыргыз-орус экономикалык форумунун катышуучуларына жолдогон куттуктоо сөзүндө айтты. Мамлекет Башчынын сөзүн Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо башкармалыгынын начальниги Азамат Кадыралиев окуп берди.

Президент Кыргыз-Орус өнүктүрүү фонду Кыргызстанда жалпы суммасы 900 млн АКШ долларынан ашык 3600дөн ашуун долбоорду ишке ашырганын белгиледи.

Мамлекет Башчысы Форумдун бардык катышуучуларына жемиштүү иш, конструктивдүү диалог, мамлекеттерибиздин жана элдерибиздин жыргалчылыгына багытталган практикалык макулдашууларга жетишүүнү каалады.

Эске салсак, 10 жыл мурда Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы бажы бекеттер алынып, Евразия экономикалык биримдигинин жол-жобосу күчүнө кирген. Бул убакыт аралыгында негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн туруктуу өсүшү белгиленүүдө.

VII Кыргыз экономикалык форумунун башкы темасы «Экономикалык өсүштүн кыймылдаткычы катары санариптик суверенитет» болду. Бул контекстте МинКабдын Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангельдиев мамлекеттин санариптик трансформация процесстерин, анын ичинде «Санарип Кыргызстан» жана «Startup Кыргызстан» улуттук программаларын ишке ашыруу аркылуу приоритеттүү колдоосун айтып өттү.

Форумдун алкагында жалпы суммасы 270 млн долларлык 30 документке кол коюлду. Бул тууралуу Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун башкармалыгынын төрагасы Артем Новиков билдирди.

Быйылкы форумдун өзгөчөлүгү – тарыхта биринчи жолу Санкт-Петербург эл аралык экономикалык форумунун көчмө сессиясы өткөрүлдү.

"Бул эл аралык аянтчалар Кыргызстанга ишенип, биз менен бирге иш-чараларды өткөрүүгө даяр экенин дагы бир жолу баса белгилейт" деди Новиков.

Мындан тышкары көргөзмөнүн алкагында 100гө жакын компания өз продукцияларын тааныштырды.

## МИШУСТИН ИШ САПАРЫ МЕНЕН КЫРГЫЗСТАНДА



***Кечээ Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы Михаил Мишустин Кыргыз Республикасына расмий сапар менен келди.***

Жогорку даражалуу конокту "Ысык-Көл" эл аралык аэропортунан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиев тосуп алды.

Белгилей кетсек, расмий сапардын алкагында Төрага Адылбек Касымалиев менен кыргыз-орус күн тартибиндеги бир катар маселелердин жыйындысы каралаары, анын ичинде соода-экономикалык мамилелер, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана интеграциялык бирикмелердин алкагындагы аракеттерди координациялоо боюнча эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлөөрү күтүлүүдө.

Сапардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы Михаил Мишустиндин расмий жолугушуу аземи Чолпон-Ата шаарындагы "Рух Ордо" маданий борборунда болуп өттү.

Ушул эле күнү өлкөгө Евразия өкмөттөр аралык кеңешинин кезектеги жыйынына катышуу үчүн Казакстан Республикасынын Премьер-министри Олжас Бектенов, Беларусь Республикасынын Премьер-министри Александр Турчин Кыргыз Республикасына сапар менен келишти.

Белгилей кетсек, Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттердин премьер-министрлеринин жана Биримдикке байкоочу мамлекеттердин делегация башчыларынын катышуусунда үстүбүздөгү жылдын 14-15-август күндөрү Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарында Евразия өкмөттөр аралык кеңешинин кезектеги жыйыны өткөрүлөт.

## ТУРУКТУУЛУКТУ ЧЫҢДООНУ КОЛДОО

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Афганистандын өнөр жай жана соода министринин милдетин аткаруучу Нуруддин Азизи менен жолугушту.***

МинКаб Башчысы кыргыз тарап Афганистандын экономикалык жактан калыбына келүүсүн, ошондой эле тынчтыкты жана туруктуулукту чыңдоо боюнча афган бийлигинин аракеттерин колдой турганын белгиледи.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө тараптар соода, транспорт, текстиль өнөр жайы, энергетика, билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарында өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү маселелерин талкуулашты.

Региондук өз ара байланышты жана Борбор Азия өлкөлөрүнүн экономикасын чыңдоо үчүн жаңы транзиттик жолдор маселелери козголду.

**"Эркин-Too" пресс**

МААНИЛҮҮ МАЕК

**Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Тынчтык ШАЙНАЗАРОВ:**

# “ШАЙЛООНУН ЖАҢЫ СИСТЕМАСЫНА ӨТКӨНҮ ТУРАБЫЗ”



**- Тынчтык Урайымович, жакында Президентибиз “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Конституциялык мыйзамга кол коюп, ал күчүнө кирди. Бул мыйзамда олуттуу жаңылыктар бар экен. Жаңы шайлоо системасы мурдагыдан айырмаланып, жаңы нукта өтөт деген пикирлер айтылууда. Сурайын дегеним, алдыда өтө турган шайлоонун системасы мурдагы шайлоолордон эмнеси менен айырмаланат? Анан ушул өзгөрүүлөргө шайлоо комиссиясынын кадрдык даярдыгы, техникалык мүмкүнчүлүктөрү жетиштүүбү?**

– Туура белгилеп өттүңүз. Президентибиз кол койгон жаңы Конституциялык мыйзамдын негизинде мындан аркы шайлоолор жаңы форматта өтөт. Мурунку шайлоолордо 54 депутат партиялык тизме менен, ал эми 36 депутат бир мандаттуу округдардан шайланып келсе, азыркы мыйзамга ылайык, 30 көп мандаттуу округ түзүлөт. Ар бир округдан добушту эң көп топтогон үч талапкер депутаттык мандатка ээ болот. Учурда техникалык жана уюштуруу иштери план боюнча жүрүүдө, Кудай буйруса алдыдагы шайлоолорду өткөрүүгө даяр болобуз. Кадрдык потенциал жагынан да чоң ишеним бар. Кыргызстан боюнча 27 миңге жакын шайлоо комиссиясынын мүчөсү бар. Практика көрсөткөндөй, биздин шайлоо комиссиялары ар дайым милдетине жоопкерчилик менен мамиле кылып, жумуштарын так аткарып келишкен.

**- Өзүңүз белгилегендей, өлкө 30 округга бөлүнөт экен. Ал эми республика боюнча 40 район бар. Мурунку шайлоолордо айрым райондордон депутаттар шайланбай калган учурлар болгон, кээ бир жерлерде болсо бир нече депутат шайланган. Азыркы учурда округдар кандай принцип менен түзүлөт? Бул эл арасында түшүнбөстүктөрдү жаратпайбы?**

– Жаңы мыйзамдын негизинде шайлоо округдары калктын санына жана географиялык жактан чектештигине жараша түзүлөт. Мурун Партиялык тизме аркылуу парламентке келген депутаттар арасында аймактык тең салмактуулук камсыз болбой калчу. Өзүңүз айтып өткөндөй, кээ бир райондордон 10дон ашык депутат өтүп келсе, айрым аймактардан бир да өкүл болбой калган учурлар болгон. Азыр болсо 4 млн 247 миң шайлоочуну 30 округга бөлүп, ар бир округга орто эсеп менен 141,5 миң шайлоочу туура келет. Албетте, эл жыш жайгашкан райондор өз алдынча округ болсо, калкы аз аймактар бириктирилет. Мисалы, Чоң-Алай менен Алай райондоруна шайлоочулардын саны жетпегендиктен, ага Кара-Суу районунун кээ бир айыл өкмөттөрү кошулушу мүмкүн. Бирок, мыйзамда 20% чегинүү мүмкүнчүлүгү каралган. Негизги принцип – элдин саны, бирок айыл өкмөттөрдү башка райондор менен бириктирүүгө мыйзам тыюу салат. Өзгөчө тоолуу, жетүү кыйын болгон аймактарда округдардын түзүлүшүнө өзгөчө көңүл бурулат. Ошондуктан, кичи райондордон да депутат шайланууга реалдуу мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**- Жаңы мыйзамда талапкерлерге коюлган талаптарда кандай өзгөрүүлөр бар?**

– Мурда талапкерлерден 100 миң сом күрөө талап кылынчу жана ал белгилүү шарттарда кайтарылып берилчү. Эми бул сумма 300 миң сом салым катары мамлекеттик казынага түшөт.

Конституциялык мыйзамга ылайык шайлоону өткөрүү күнүнө карата 25 жашка толгон, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик тилди билген, депутаттыка талапкерлигин көрсөтүүнүн алдында акыркы 5 жылдан кем эмес өлкөнүн аймагында туруктуу жашаган, соттуулугу жок Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат. Мындан тышкары, талапкерлерге кошумча чектөөлөр да киргизилген. Мисален, дин кызматкерлери кызматын токтоткондон кийин 5 жылдын ичинде дин менен байланыштуу ишмердикти жүргүзбөшү керек. Ошондой эле кылмыштуу топторго катышы бар адамдар талапкер катары шайлоого катыша албайт. Бул чаралар депутаттыкка таза, коомдук ишмердүүлүгү таза адамдардын келишин камсыз кылуу максатында киргизилди.

**– Шайлоонун дагы бир олуттуу маселеси – бул шайлоочулардын катышуусу. Бул жагынан кандай жаңы механизмдер каралган?**

– Бул жаатта биз олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизип жатабыз. Мурун жарандар каттоосу бар жеринде гана добуш бере алчу. Эми жаңы программалык камсыздоо аркылуу ар бир Кыргызстандык жаранга каалаган аймактагы шайлоо участкаларынан добуш берүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Чет өлкөдө жүргөн жарандар да элчиликке же консулдукка алдын ала арыз берип отурбай, шайлоо күнү түз эле кайсы шайлоо участкасына барса, ошол жакта добуш берүү мүмкүнчүлүгү боло турган шарттарды түзүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. Мисалы, сиз шайлоо күнү Америка же Москвада болосузбу, каалаган шайлоо участкасына келип добуш бере аласыз.

Мындан тышкары, “Манас” жана “Ош” эл аралык аэропорторунда, ошондой эле ири авто жана соода базарларда (“Дордой”, “Аламүдүн”, “Орто-Сай”, “Ош”) шайлоо участокторун ачуу пландалууда. Мунун максаты – шайлоочулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана катышууну жогорулатууга багытталган.

**- Гендердик теңчилик маселеси кандай чечилди? Мурун партиялык тизме боюнча аялдардын катышуусу үчүн атайын талаптар бар болчу.**

– Жаңы мыйзам аялдарга бир топ артыкчылыктарды берет. Талапкерлер арасында аялдардын катышуусун камсыз кылуу боюнча конституциялык нормалар бекитилди. Бул – башка көптөгөн өлкөлөрдө жок өзгөчө мүмкүнчүлүк деп эсептейм. Кыргызстанда аял шайлоочулардын саны да бир аз жогору. Демек, алар саясий процесске активдүү тартылышы керек. Бул мыйзам аялдардын коомдук-саясий турмушка кеңири аралашуусуна өбөлгө түзөт.

**- Угушубузча, бюллетендерди алдын ала баспай, шайлоо күнү басып чыгаруучу аппарат колдонулат экен...**

– Ооба, принтери бар идентификациялоочу түзүлүш (ПИТ) аркылуу бюллетендер автоматтык түрдө, шайлоочу шайлоого келген учурда басылып чыгарылат. Мурун миллиондогон бюллетендерди басып чыгарып, андан кийин жараксыз деп жок кылуу чоң чыгымга алып келчү. Ар бир участокко бюллетендер атайын күзөтчүлөрдүн, МАИ кызматынын коштоосунда жеткирилчү. Жаңы система аркылуу коопсуздук, ыкчамдык жана үнөмдүүлүк камсыз болот. Бул аппарат бир нече кызматты бир учурда аткарат. Ошондой эле АЭУлар (автоматтык эсептөөчү урналар) жаңыртылып жатат. Азырынча 5800 АЭУга техникалык тейлөө жүргүзүлдү. Калган жабдууларды да жаңыртуу иштерин улантып жатабыз.

**- Партиялардын ролу жаңы системада кандай болот?**

– Партиялар дагы өз талапкерлерин 30 округ боюнча сунуштай алышат. Бирок, мурдагы партиялык тизме системасында коррупциялык көрүнүштөр көп болгонун жашырбашыбыз керек. Кээде акчасы бар адам тизменин башына коюлуп, элге чыкпастан эле депутат болуп калган учурлар болгон. Бул элдин ишенимин жоготкон көрүнүштөрдүн бири. Жаңы система болсо элдин түз добушу менен шайланган өкүлдөрдү камсыз кылат. Себеби, депутаттардын негизги функциясы бул – өкүлчүлүк. Ошон үчүн Кыргызстандын райондорунан, региондорунан өкүлчүлүк болушу керек. Жаңычылдык бул аракеттер өкүлчүлүктүн калыстыгын жана аймактык тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган чоң кадам.

**- Тынчтык Урайымович, сөз соңунда шайлоочуларга эмне деп кайрылар элеңиз...**

- Шайлоо – бул жөн гана бюллетень толтуруу эмес. Бул – ар бир жарандын өзүнүн келечегине түздөн-түз таасир эте турган чечими. Кээ бир мамлекеттерде шайлоого катышпаган жарандарга мыйзам чегинде чара көрүлөт. Мисалы, Түркия сыяктуу өлкөлөрдө добуш бербеген жаранга айып пул салынат. Бизде андай милдеттүү талаптар жок. Бирок, жарандык парзыбыз бар, ал шайлоого катышуу. Себеби, шайлоо беш жылда бир келет, бул өлкө тагдыры чечилчү учур.

Сиздин бир добушуңуз өлкөнүн өнүгүшүнө, мыйзам чыгаруу процессине, жарандардын укуктарын коргоого, социалдык турмуштун сапатына чоң таасир берет. Ошондуктан, ар бир шайлоочу шайлоолордо активдүү болууга чакырып кетет элем. Себеби, мамлекетибиз бир, келечегибиз бир, максатыбыз жалгыз – ал мамлекетибиздин туруктуу өнүгүүсү, мыйзамдуулук жана жарандар үчүн адилеттүү коом түзүү.

**Маекти алып барган**
**Шекербек КАЛЫКОВ**

МЕДИЦИНАНЫ КОЛДОО – КАЛК САЛАМАТТЫГЫН КОРГОО

**Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтунун директорунун орун басары БЕКБОЛОТ уулу Нурболот:**

# “ЖАБДЫКТАРДЫН ЖЕТИШСИЗДИГИ ЧОҢ КӨЙГӨЙ БОЛЧУ”



Быйыл 2025-жылга медицина тармагына мамлекеттик бюджеттен 49,6 млрд сом каралган. Ал эми учурда өлкө боюнча 32 оорукана курулууда. Бул аракеттердин баары калк ден соолугуна болгон камылга десек жаңылбайбыз. Мисалы, жакында Бишкектеги Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтуна медициналык жабдууларды сатып алуу үчүн казынадан 255 млн 982 миң 500 сом бөлүндү. Министрлер Кабинети Саламаттык сактоо министрлигине каражаттардын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылууну тапшырды. Бул каражат менен ооруканадагы кайсы көйгөйлөр чечилет? Ушул жана башка суроолорубузга аталган борбордун директорунун орун басары Бекболот уулу Нурболот мырза жооп берди.

**- Нурболот мырза, май айында Мамлекет Башчысы Садыр Жапаров, Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтунун көйгөйлөрүн жерине барып, алабалын көрүп кеткен болчу. 2 ай өтпөй мамлекеттен бул борборго ири каражат бөлүндү. Эми кандай иштерди баштоо алдында турасыздар?**

- Ак халатчандар адам ден соолугуна, өмүрүнө кам көрөбүз. Ал эми дарыгерлерге медициналык жабдыктардын жардамысыз бейтаптарга натыйжалуу дарылоо жүргүзүү мүмкүн эмес. Бизде буга чейин медициналык жабдыктар боюнча маселелерибиз курч болчу. Анткени, жабдыктар эскирген, айрымдары жарактан чыккан, заманбап шарттарга жооп берчү эмес. Өзгөчө бейтаптарга операция жасоодо жабдыктардын жетишсиздиги, заман талабына жооп бербегендиги чоң көйгөй жаратып келген. Минтип, биздин ооруканага мамлекеттен тарыхта биринчи жолу ири көлөмдө акча бөлүндү. Каражатка – ооруканага заманбап жабдыктар сатып алынып, зарыл болгон муктаждыктарыбызды чечип, калк саламаттыгына кам көрөбүз. Медицинага камылга, колдоо иштери, жалпы элдин саламаттыгына болгон камкордук. Жамаатыбыз менен мамлекеттин бул колдоосуна ыраазычылык билдиребиз.

**- Сиздердин ооруканада жүрөктүн кан тамыр көңдөйлөрүн рентгендик изилдөөгө салчу ангиография жабдыгы көйгөй жаратып келген. Бул жабдыктын жаңысын сатып аласыздарбы?**

- Ангиография менен жүрөктүн кан тамырлары тартылат жана кан тамыр хирургдары операциялар учурундагы аракеттерин көзөмөлдөө үчүн колдонулат. Ооба, ооруканага акыркы үлгүдөгү эксперттик класстагы медициналык жабдыктар, ангиография УЗИ аппараттары сатып алынат. Бул жабдыктар жүрөгүндө көйгөйү бар бейтаптарга, өзгөчө жаңы төрөлгөн наристелерге, жалпы жаш балдардын операцияларында дарыгерлерге абдан зарыл.

**- Ооруканада бейтаптарды дарылоо, операция иштеринин акылары тууралуу айтсаңыз. Өлкөдө жүрөгү ооруган бейтаптардын көрсөткүчү кандай?**

- Акыркы учурларда жүрөк оорусу менен кайрылган жарандардын саны көп болууда. Ал эми операциялар боюнча айтсам, акыркы 6 ай ичинде 108 жаш балага, 153 чоң кишилердин жүрөктөрүнө ар түрдүү операциялар жасалды. Бизде операция 6 жашка чейинки балдарга акысыз жасалат. Ата-энеси жок, социалдык мекемелерде тарбияланыпгандардан акы алынбайт. Мамлекеттен ден соолугу үчүн жеңилдик алган жарандарыбыз үчүн да өзүнчө баалар каралган. Негизинен өлкөдө хирургиялык операцияны күтүүнүн узактыгы жана өтө маанилүү кардиохирургиялык операциялардын жетишсиздиги боюнча маселелер бар. Бул жаатта Саламаттык сактоо министрлиги да чечүү чараларын көрүүдө. Кыргызстанда жыл сайын 600гө жакын тубаса жүрөк кемтиги менен төрөлгөн балдар өмүрүнүн алгачкы жумаларында операцияга муктаж болот. Бирок, алардын 20-40ына гана операция жасалат. Учурда 100дөн ашык бала кезекте турат. Кезек медициналык көрсөтмөлөрдүн негизинде ишке ашат. Ал эми абалы оор, кычкылтек жетишсиздиги барларга, тездик менен операция жасалат. Анткени, ал бейтапларга ар бир мүнөт баалуу.

**- Былтыр кыш мезгилинде өрттүн кесепетинен Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтунун имараты күйүп, жараксыз абалга келген. Имаратты оңдоо иштери кандай жүрүп жатат?**

- Учурда институттун имараты капиталдык оңдоп-түзөөдөн өтүүдө. Мында керебеттер, реанимация бөлүмдөрү кеңейтилип, заманбап шарттар менен камсыздалып жатат. Оңдоо иши соңуна чыкса, имаратыбызга декабрь айында кайтып барабыз деп күтүп жатабыз.

**Даярдаган**
**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ПИКИРИҢИЗ КАНДАЙ?

# МАЙНА – БАСКЫНЧЫБЫ!?



Аксы жергесинде майна өткөн кылымдын 80-жылдарында пайда болду. Ал кезде саан уйдун терисинин катмарына жайгашып алган мекке деген куртту жеп жок кылат, жаратылышка зыяндуу курт-кумурскаларды жеп жок кылат деген максатта Кыргызстанга Ооганстандан алып келген деген маалымат болгон. Майнанын турушу менен зыяндуу экендигин ал мезгилде эл түшүнбөгөн. Учурда эл ичинде майнаны жок кылыш керек экен деген сөз кеңири айтыла баштады. Майнанын душмандыгы кайсыда болуп жатат?

Биринчиден жерибизде торгой, булбул, таранчы кескин азайып кетти. Өзгөчө булбул жок болду. Мындан 30-40 жыл мурда бактарда булбул түнү менен безеленип сайрап турчу. Учурда булбулдун сайраганын укканга зар болуп калдык. Талааларда торгой дээрлик калбады. Анткени торгой шыбактын, ит сийгектин, талаа бададдарынын түбүнө уя салып балапан ачып чыгарат. Майна дал ошол торгойдун жумурткасын, балапанын бир сугунуп эле жеп коюп жатканы ачык болуп калды. Таранчылар да ушундай көйгөйгө кабылды. Талаага барсаң безеленип сайраган торгой жок, бардык жерди майна басып алган. Айылда эч ким майнаны өз атынан айтпайт, "ала чымчык" деп коюшат. Мына ошол ала чымчык дыйкандардын да номер биринчи душманына айланып бара жатат. Анткени кулпунайды, кожогатты, бүлдүркөндү, гиластты аябай жейт. Жегенде да кызарып бышканын жейт. Гиластын албөлүнү, тытты койбойт. Жайлоодо келиндердин жайып койгон куруту, майнанын эң сүйгөн тамагы экендигин жайлоого чыккандар айтып жүрүшөт. Таранчычымчыктардын саны кескин кыскарып кетти. Майнаны жок кылууга учурда элдин дарамети жетпейт. Жылдан жылга көбөйүп келе жатат. Бул маселе мамлекеттик деңгээлде талкууга алынып, күрөшө турган көйгөйгө айланды. Антпесе жаратылышты жабыркатып, дыйкандын өстүргөн түшүмүнүн көбүн – майна майын чыгарып жеп коюп жаткандыгы жашыруун эмес. Эмне кылуу керек? Мүмкүн адистер бир пикирин айтышар? Жерибиздин канаттуу куштары, анын ичинде булбул, таранчы, торгой сыяктуу эң пайдалуу куштары жок болуп кетти. Россиянын айрым райондорунда таранчыны сактап калуу үчүн майна ичине кире албай турган, таранчы өзү бата турган кылып аларга уя жасап, дарактарга, токойлорго жайгаштырып жаткандыгы бекеринен эмес. Бул маселеге токой чарбалар, экологдор, мектеп окуучулары, мугалимдер, жалпы эл ойлонуп, жаратылышты сактап калууга аракет кылууга мезгил жетти деп ойлойм. Бул макала боюнча пикириңиздер болсо жазыңыздар? Майна – учурдун күрөшүп күч жетпей турган "браконьери" болду деп айтууга толук негиз бар. Элди талап-тоноп жегендер майнанын алдында шоона эшпей калды деп айтсак жаңылышкандык болбойт.

**Абдымомун КАЛБАЕВ,**
**журналист**
**Аксы району**

2025-2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА

# «ТАБИЯТ ТААНУУ» САБАГЫ КАНДАЙ ӨЗГӨРӨТ?

Жаңы мамлекеттик билим берүү стандартынын алкагында быйылкы жылдан тартып мектептерде «Табият таануу» сабагы бешинчи жана алтынчы класстарда окутула баштайт. Себеби, 12 жылдык билим берүү системасына өтүүдө учурдагы бешинчи класстын окуучулары кийинки жылдын күзүндө, тагыраагы 2026-жылдын сентябрында түз эле жетинчи класска өтөт жана буга байланыштуу сабактын мазмуну адаптацияланып берилет. Тактап айтканда, бешинчи класстын окуучулары 2025-2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында 5-класстын, ал эми экинчи жарымында 6-класстын программасын окушат.

Буга байланыштуу Агартуу министрлиги тарабынан жаңы окуу-методикалык колдонмолор иштелип чыккан. Мисалы, окуучуга арналган окуу китеби, жумушчу дептер жана мугалим үчүн колдонмо колдонулат. Программа эл аралык стандарттарга, анын ичинде табигый илимдер боюнча PISA компетенциясына шайкеш келет жана санариптик экологиялык сабаттуулук сыяктуу заманбап маалыматтар менен толукталган. Бул тууралуу Кыргыз билим берүү академиясынын улук илимий кызматкери Альфия Насырова билдирди. “Биз бүгүн тездик менен өзгөрүп жаткан жана технологияларга толгон заманда жашап жатабыз. Учурда жөнөкөй эле смартфон – сабактагы кичинекей лабораторияга айланышы мүмкүн. Мобилдик тиркемелердин жардамы менен окуучулар ызы-чуунун деңгээлин, жарыкты, температураны өлчөп, өсүмдүктөр менен жаныбарларды тааный алышат. Бул, сабактарды кызыктуу гана кылбастан, балдардын "жашыл көндүмдөрүн" – жаратылышка зыян келтирбестен жашоо жана иштөө жөндөмүн калыптандырат. “Табият таануу” – табигый илимдерге даярдык сабагы. Сабактын курамына физика, химия, астрономия, биология жана географиянын элементтери кирет. Сабак азыркы доордун талаптарына шайкеш, күчтүү, актуалдуу жана мазмундуу жаңыртылат” – дейт ал.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭРКИН ЭКОНОМИКАЛЫК ЗОНАЛАР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 26-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасындагы эркин экономикалык зоналар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., №1, 6-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 8-беренеде:

а) 1 жана 2-бөлүктөрдө "мыйзамды кабыл алуу менен", "мыйзам кабыл алуу менен" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. ЭЭЗ чек аралары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат жана өзгөртүлөт.";

в) 4-бөлүктө "мыйзам кабыл алуу менен" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен" деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 5-бөлүктө "мыйзам" деген сөз "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 10-берененин 10-пунктунда "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана" деген сөздөр алып салынсын.

**2-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин түзүлгөн жана иштеп жаткан эркин экономикалык зоналар белгиленген тартипте өз ишин улантат;

2) мыйзамдарда аныкталган эркин экономикалык зоналардын колдонуудагы чек аралары эркин экономикалык зоналардын чек араларын аныктаган мыйзамдарга бир эле убакта белгиленген тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүү менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүгө тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып алты айлык мөөнөттө:

1) мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;

2) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-августу, №197***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СВОБОДНЫХ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ЗОНАХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 26 июня 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О свободных экономических зонах в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., №1, ст. 6) следующие изменения:

1) в статье 8:

а) в частях 1 и 2 слова «принятием закона» заменить словами «решением Кабинета Министров Кыргызской Республики»;

б) часть 3 изложить в следующей редакции:

«3. Границы СЭЗ определяются и изменяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

в) в части 4 слова «принятием закона» заменить словами «решением Кабинета Министров Кыргызской Республики»;

г) в части 5 слово «закона» заменить словами «решения Кабинета Министров Кыргызской Республики»;

2) в пункте 10 статьи 10 слова «Жогорку Кенеш Кыргызской Республики и» исключить.

**Статья 2**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2. Установить, что:

1) свободные экономические зоны, созданные и функционирующие до вступления в силу настоящего Закона, продолжают свою деятельность в установленном порядке;

2) действующие границы свободных экономических зон, определенные законами, подлежат утверждению Кабинетом Министров Кыргызской Республики с одновременным внесением в установленном порядке изменений в законы, которыми определены границы свободных экономических зон.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок со дня вступления в силу настоящего Закона:

1) внести на рассмотрение Жогорку Кенеша Кыргызской Республики предложения по приведению законодательных актов в соответствие с настоящим Законом;

2) привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 12 августа 2025 года, №197***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («ЫСЫК-КӨЛ» ЭКОЛОГИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУТУМУН ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Ысык-Көл» экологиялык-экономикалык тутумун туруктуу өнүктүрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №12, 530-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

22-берене төмөнкүдөй мазмундагы экинчи жана үчүнчү бөлүктөр менен толукталсын:

«Рекреация объекттерин эксплуатациялоочу менчик ээлери же ижарачылар, чарбачылык жана башка иштердин субъекттери адистештирилген техниканы колдонуу менен пляждык зоналарды катуу турмуш-тиричилик калдыктарынан тереңдетип тазалоону жүргүзүүгө милдеттүү.

Пляждык зоналарды катуу тиричилик калдыктарынан тереңдетип тазалоонун аткарылышын жана аларды адистештирилген техниканы колдонуу менен ташып чыгарууну контролдоо айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.».

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 23-глава төмөнкүдөй мазмундагы 213⁴-берене менен толукталсын:

«213⁴-берене. Ысык-Көл көлүнүн пляждык зоналарын адистештирилген техниканы колдонуу менен катуу турмуш-тиричилик калдыктарынан тереңдетип тазалоону өз убагынан кечиктирип, сапатсыз жүргүзгөндүгү үчүн жоопкерчилик

1. Пляждык зоналарды адистештирилген техниканы колдонуу менен катуу турмуш-тиричилик калдыктарынан терeңдетип тазалоо жүргүзүүнүн талаптарын бузуу -

жеке жана юридикалык жактарга эскертүү берүүгө алып келет.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган ошол эле аракет эскертүү берилгенден кийин бир жылдын ичинде кайталанып жасалса, -

жеке жактарга 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө, юридикалык жактарга 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.»;

2) 457-беренеде «213³, 213¹, 213²» деген цифралар «213¹, 213², 213³, 213⁴» деген цифраларга алмаштырылсын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-августу, №199***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ УСТОЙЧИВОМ РАЗВИТИИ ЭКОЛОГО-ЭКОНОМИЧЕСКОЙ СИСТЕМЫ «ИССЫК-КУЛЬ», КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 июня 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об устойчивом развитии эколого-экономической системы «Иссык-Куль» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., №12, ст. 530) следующее изменение:

статью 22 дополнить частями второй и третьей следующего содержания:

«Собственники или арендаторы, эксплуатирующие объекты рекреации, субъекты хозяйственной и иной деятельности обязаны проводить глубинную очистку пляжных зон от твердых бытовых отходов с применением специализированной техники.

Контроль за выполнением глубинной очистки пляжных зон от твердых бытовых отходов и их вывозом с применением специализированной техники осуществляется уполномоченным государственным органом в сфере охраны окружающей среды.».

**Статья 2**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) главу 23 дополнить статьей 213⁴ следующего содержания:

«Статья 213⁴. Ответственность за несвоевременное, некачественное проведение глубинной очистки от твердых бытовых отходов с применением специализированной техники пляжных зон озера Иссык-Куль

1. Нарушение требований проведения глубинной очистки от твердых бытовых отходов с применением специализированной техники пляжных зон -

влечет предупреждение на физических и юридических лиц.

2. То же действие, предусмотренное частью 1 настоящей статьи, совершенное повторно в течение года после вынесения предупреждения, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 50 расчетных показателей, на юридических лиц - 100 расчетных показателей.»;

2) в статье 457 цифры «213³, 213¹, 2l3²» заменить цифрами «213¹, 213², 213³, 213⁴».

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.


**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 13 августа 2025 года, №199***

НОВОСТИ СИНЬЦЗЯНА

## Уровень комплексной механизации сельскохозяйственных культур в СПСК достиг 95,5%

Сельское хозяйство является основой и приоритетной отраслью Синьцзянского производственно-строительного корпуса. Благодаря созданию масштабных, механизированных и модернизированных государственных ферм, исконные пустоши были превращены в плодородные оазисы. Здесь первыми в Китае были построены демонстрационные базы водосберегающего орошения, базы по продвижению механизации сельского хозяйства и демонстрационные базы современной аграрной индустрии. Уровень комплексной механизации сельскохозяйственных культур уже достиг 95,5%, а некоторые аграрные технологии даже вышли за пределы страны.



## МОДЕЛЬ СОВМЕСТНОГО ВЫРАЩИВАНИЯ РИСА И РАКОВ ПРИНОСИТ ДОХОД

***Зелёные всходы риса колышутся на ветру, а красноклешневые раки-лобстеры шустро снуют между рядами. Такую картину можно увидеть в городе Кокдала Синьцзянского корпуса, где применяют модель «совместного выращивания риса и раков».***

С 2020 года местные власти активно продвигают эту модель экологического взаимодействия: раки рыхлят почву и удобряют рисовые поля, а посевы риса создают для мальков естественную тень и укрытие от хищников. Эта взаимовыгодная система экологического круговорота позволяет повысить совокупную прибыль почти на 1000 юаней с 0,06 гектара. По модели «рис и раки» с одного 0,06 гектара можно получить 15 килограммов высококачественного рака и 600 килограммов экологически чистого риса.



## СОВРЕМЕННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ ПОВЫШАЮТ ЭФФЕКТИВНОСТЬ ВЫРАЩИВАНИЯ ВИНОГРАДА

***Сегодня на ферме Люйшуцюань в городе Синьсин Синьцзяна виноградари могут «напоить» виноград с помощью мобильного телефона, что делает управление значительно удобнее.***

Ферма Люйшуцюань стала пионером в модернизации виноградных шпалер, подняв традиционные низкие конструкции на 40–80 сантиметров. Это облегчило механизированное внесение удобрений, обрезку и сбор урожая, улучшило вентиляцию и освещённость в виноградниках, а также снизило вероятность возникновения болезней и вредителей. Доля высококачественных ягод увеличилась с 10% до 80%, а эффективность работы выросла почти в два раза.

Параллельно с «ростом» шпалер ферма Люйшуцюань глубоко интегрировала древние каналы кяризов с современными технологиями капельного орошения. Если раньше при поверхностном поливе на один му (0,067 га) использовалось 1200 кубометров воды, то теперь при капельном орошении достаточно 795 кубометров. В совокупности с экономией воды, труда и повышением качества урожая, доход виноградарей увеличился в среднем на 4000 юаней в год.

## КИТАЙСКАЯ ТЕХНОЛОГИЯ ПОЗВОЛЯЕТ УВЕЛИЧИТЬ ВДВОЕ УРОЖАЙ СВЕКЛЫ



***Китайская технология капельного орошения способствует высокоурожайному и эффективному выращиванию сахарной свёклы в Казахстане.***

В июне 2025 года технические специалисты компании «Синьцзян Тянье» прибыли на демонстрационный участок по выращиванию сахарной свёклы в Алматинской области Казахстана и оказали помощь местным аграриям в установке оборудования для водосберегающего капельного орошения. После наладки система капельного полива заработала стабильно, равномерно орошая молодые всходы сахарной свёклы.

Сахарная свёкла – одна из ключевых сельскохозяйственных культур в Казахстане. При использовании традиционных методов посева и орошения ее урожайность составляет около 50 тонн с гектара. Водосберегающая капельная система и технология выращивания свёклы, разработанные Синьцзянским корпусом, позволяют довести среднюю урожайность до 90 тонн с га, а на высокоурожайных полях – до 100 тонн с га.

Учитывая потребности Казахстана в технологиях водосберегающего орошения для выращивания сахарной свёклы, компания «Тянье» использовала свои технологические преимущества водосберегающего сельского хозяйства. При поддержке научно-технической программы Синьцзянского корпуса и в сотрудничестве с казахстанскими аграрными научно-исследовательскими учреждениями она продвигает на местном уровне технологии полива открытых полей и эффективного выращивания сахарной свёклы.

## ДЕМОНСТРАЦИОННЫЕ ПОЛЯ «ДВУХТОННОГО ЗЕРНОВОГО УЧАСТКА» ПОКАЗАЛИ ВЫСОКИЙ УРОЖАЙ

В июне этого года в городе Арал Синьцзяна на демонстрационном участке озимой пшеницы, созданном в рамках исследования и демонстрации ключевых технологий сбалансированного высокого урожая модели «двухтонного зернового участка» (озимая пшеница + повторный посев кукурузы) в Южном Синьцзяне, был достигнут высокий урожай – почти 812 кг с одного му (0,067 га).

Для демонстрации высокого урожая был выбран основной сорт озимой пшеницы Южного Синьцзяна – «Синдун №55». В процессе капельного орошения при высокоурожайном выращивании озимой пшеницы применялась ключевая технология «сокращение междурядий, увеличение плотности посева, формирование колоса основным стеблем» — способ посадки с равными междурядьями 15 см был заменён на 7,5 см. При неизменной площади посева количество колосьев на один му увеличилось почти на 10000.

При данной модели уборка пшеницы начинается на 5 дней раньше, чем обычно, что позволяет максимально использовать годовую сумму температур в Южном Синьцзяне и создать прочную основу для роста последующего урожая кукурузы.

Благодаря созданию воспроизводимой и масштабируемой модели «двухтонного зернового участка» можно повысить урожайность и общий объём производства зерна в регионе, что имеет важное значение для обеспечения продовольственной безопасности страны, особенно в южной части Синьцзяна.

## Экономика приусадебных хозяйств рисует новую картину гармоничного развития экологии и благосостояния

Летом в Синьцзянском производственно-строительном корпусе между жёлтыми кирпичами и красными черепичными крышами тепличные хозяйства излучают сочную зелень, из коровников доносятся звуки мычания, от гостевых домов веет ароматом шашлыка, вдоль расписных заборов раскинулись тенистые деревья – всё это складывается в живописную картину деревенского возрождения, где экология и благосостояние идут рука об руку.

На протяжении многих лет Синьцзянский корпус направлял работников и жителей на рациональное использование пустующих помещений, приусадебных участков, клочков земли перед домами и за ними, сочетая развитие приусадебной экономики с улучшением жилой среды, одновременно повышая доходы и облагораживая дворы. Эти маленькие «очаги красоты» наполняют собой большую картину процветающих поселений.

Корпус также активно способствует развитию на местах форматов аграрного туризма, оригинальных деревенских ресторанов и гостевых домов, создавая всеобъемлющую туристическую модель с множеством точек роста и интеграцией различных отраслей.



## ЭФФЕКТИВНАЯ МОДЕЛЬ ВЫРАЩИВАНИЯ «ПШЕНИЦА + ХЛОПОК + АРБУЗ» ЗВУЧИТ КАК МЕЛОДИЯ К БОГАТСТВУ

Сегодня в городе Арал на юге Синьцзяна активно продвигается инновационная высокоэффективная модель выращивания «пшеница + хлопок + арбуз».

Эта модель представляет собой усовершенствованную версию традиционной технологии «совместного посева пшеницы» и реализует инновационный принцип «три урожая с одного участка»: в конце октября – середине ноября текущего года сеется озимая пшеница, в конце мая следующего года между рядами высаживается хлопок, а в начале июня в междурядья хлопка пересаживаются арбузы, достигая научного сосуществования трёх культур.

По расчётам, доход с одного му (0,067 га) сельхозугодий, использующих данную модель, примерно на 800 юаней выше, чем при традиционном чередовании озимой пшеницы и кукурузы.

Этот водосберегающий и высокоэффективный способ земледелия не только повышает коэффициент использования земли, но и предлагает новый подход к развитию сельского хозяйства в приграничных с пустыней районах.

**Равель**
**Фото WWW**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЕСИПТИК ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, кесиптик билим берүүнүн заманбап санариптик аралыктан форматын өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-мартындагы №83 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын 2025-жылдын 15-апрелиндеги №2 протоколдук чечимин эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) 2026–2027-окуу жылынан тартып орто жалпы билим берүүнүн базасында менчигинин түрүнө, ведомстволук таандыктыгына жана статусуна карабастан кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарына сырттан окуу формасы боюнча кабыл алуу токтотулат деп;

2) кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарында аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен сырттан окуу формасы боюнча адистерди даярдоого кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн базасында тездетилген программалар боюнча, ошондой эле магистрлерди даярдоо программалары боюнча жол берилет деп.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) сырттан окуу формасынын алкагында колдонулуучу алыстан идентификациялоонун элементтерин милдеттүү түрдө пайдалануу менен заманбап аралыктан билим берүү технологияларын өнүктүрүү үчүн кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарында шарттарды түзүүнү камсыз кылсын;

2) алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

3) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка зарыл чараларды көрсүн.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 12-августу, №236***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛООГО, АРДАК НААМДАРЫН ЫЙГАРУУГА ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК СЫЙ АКЫЛАРЫН БЕРҮҮГӨ МОРАТОРИЙ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** 2026-жылдын 1-январына чейинки мөөнөткө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого (сыйлоого сунуштарды киргизүүгө), ардак наамдарын ыйгарууга жана мамлекеттик сый акыларын берүүгө мораторий киргизилсин.

**2.** Мораторий мезгилинде өзгөчө учурларда мамлекетке жана коомго сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо, ардак наамдарды ыйгаруу жана мамлекеттик сый акыларды берүү маселеси белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси боюнча гана каралышы мүмкүн деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү ушул Жарлыктын 2-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мораторий убагында сыйлоо материалдарын кабыл алууну жана кароону токтото турсун.

**4.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги эки айлык мөөнөттө колдонуудагы мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо, ардак наамдарын ыйгаруу жана мамлекеттик сый акыларын берүү практикасына комплекстүү талдоо жүргүзсүн жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына бул чөйрөнү жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча тиешелүү чечимдердин долбоорлорун киргизсин.

**5.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 14-августу, №237***

## ОАО «КЫРГЫЗАЛТЫН»

НАСТОЯЩИМ СООБЩАЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

**11 августа 2025 года состоялось Внеочередное общее собрание акционеров ОАО «Кыргызалтын» по адресу: г. Бишкек, ул. Абдумомунова 195.**

Кворум – 100%

**Принятые РЕШЕНИЯ на ВОСА:**

**1.** О составе Счетной комиссии.
Возложить обязанности счетной комиссии на представителя реестродержателя ОсОО «Registrum» («Региструм») Молтоеву Зарину Эркебаевну.

**2.** О ликвидации филиалов ОАО «Кыргызалтын»:
- филиал «Рудник Солтон-Сары»;
- филиал «Терексайский Рудник»;
- филиал «Комбинат Макмалзолото».

1. Утвердить ликвидацию филиалов ОАО «Кыргызалтын»:
- филиал «Рудник Солтон-Сары»;
- филиал «Терексайский Рудник»;
- филиал «Комбинат Макмалзолото».

2. Совету директоров обеспечить надлежащий и строгий контроль над реализацией комплекса мероприятий по ликвидации вышеотмеченных филиалов ОАО «Кыргызалтын».
3. Органам управления:
- предоставить акционерам информацию об итогах проведенной работы;
- изучить бюджет Общества на 2025 год и необходимость внесения корректировок в него.

**3.** Об определении порядка ликвидации, назначения ликвидатора.
1. Возложить обязанности ликвидатора на главного бухгалтера ОАО «Кыргызалтын» Жамаева Аргена Жолдошевича.
2. Органам управления Общества в рамках своих полномочий контролировать ход ликвидации.
3. Жамаеву Аргену Жолдошевичу провести все необходимые мероприятия в строгом соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики и Устава ОАО «Кыргызалтын».

**4.** О внесении изменений в утвержденный бюджет ОАО «Кыргызалтын» на 2025 год.
1. Утвердить Бюджет ОАО «Кыргызалтын» на 2025 год.
2. Правлению Общества вести финансово-хозяйственную деятельность Общества строго в соответствии утверждаемым бюджетом.
3. Совету директоров и Ревизионной комиссии в интересах государства осуществлять надлежащий и строгий контроль над реализацией комплекса мероприятий по исполнению бюджета.

**5.** Об увеличении Уставного капитала ОАО «Кыргызалтын».
1. Внести в уставный капитал ОАО «Кыргызалтын» 5 200 000 000 (пять миллиардов двести миллионов) сомов в качестве вклада Государственного агентства по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики и Министерства финансов Кыргызской Республики пропорционально их долям.
2. Увеличить уставный капитал ОАО «Кыргызалтын» на сумму 5 200 000 100 (пять миллиардов двести миллионов сто) сомов.
3. Утвердить уставный капитал ОАО «Кыргызалтын» на сумму 9 524 608 600 (девять миллиардов пятьсот двадцать четыре миллиона шестьсот восемь тысяч шестьсот) сомов.
4. Внести соответствующие изменения в Устав ОАО «Кыргызалтын» и произвести перерегистрацию ОАО «Кыргызалтын» в органах юстиции в связи с увеличением уставного капитала.

**6.** Об увеличении количества обращаемых акций и утверждение порядка их выпуска и размещение.
1. Эквивалентно сумме 5 200 000 000 (пять миллиардов двести миллионов) сомов за счет суммы дивидендов, причитающихся на государственный пакет акций ОАО «Кыргызалтын» по итогам 2024 года Государственному агентству по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики и Министерству финансов Кыргызской Республики пропорционально их долям в уставном капитале, а также 100 (сто) сомов причитающему Государственному агентству по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики за не размещенный остаток от 3 (третьей) и 4 (четвертой) эмиссии акций увеличить количество обращаемых акций ОАО «Кыргызалтын» путем дополнительного выпуска простых именных акций пятой эмиссии, в количестве 52 000 001 (пятьдесят два миллиона один) экземпляров.
2. Утвердить следующую структуру пятой эмиссии простых именных акций ОАО «Кыргызалтын»:
- Количество выпускаемых акций – 52 000 001 (пятьдесят два миллиона один) экземпляров простых именных акций;
- Номинальная стоимость одной простой именной акции – 100 (сто) сомов;
- Общий объем дополнительного выпуска простых именных акций –5 200 000 100 (пять миллиардов двести миллионов сто) сомов;
- Вид и форма акций дополнительной эмиссии – простые именные акции в бездокументарной форме в виде записей на счетах;

3. Утвердить следующий порядок и сроки размещения дополнительного выпуска простых именных акций:
- Выпускаемые простые именные акции ОАО «Кыргызалтын»: 52 000 001 (пятьдесят два миллиона один) экземпляров на общую сумму 5 200 000 100 (пять миллиардов двести миллионов сто) сом;
- Распределить дополнительно выпускаемые простые именные акции ОАО «Кыргызалтын» в количестве 52 000 000 (пятьдесят два миллиона) экземпляров, по цене размещения 100 (сто) сом за одну акцию путем закрытого размещения Государственному агентству по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики и Министерству финансов Кыргызской Республики пропорционально их долям в уставном капитале и 1 (один) экземпляр по цене размещения 100 (сто) сом за одну акцию путем закрытого размещения Государственному агентству по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики.
- Датой начала размещения акций пятой эмиссии ОАО «Кыргызалтын» установить следующий рабочий день после даты регистрации четвертого выпуска акций в уполномоченном государственном органе Кыргызской Республики по регулированию рынка ценных бумаг.
- Срок размещения установить до 31 декабря 2025 года.

4. Произвести регистрацию выпуска дополнительных простых акций ОАО «Кыргызалтын» на условиях закрытого размещения на сумму 5 200 000 100 (пять миллиардов двести миллионов сто) сомов в количестве 52 000 001 (пятьдесят два миллиона один) экземпляров, по цене размещения одной простой именной акции 100 сомов, в Службе регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики в установленном законодательном порядке.

**7.** О внесении изменений в Устав Общества.
1. Утвердить вносимые изменения и дополнения в Устав ОАО «Кыргызалтын».
2. Внести соответствующие изменения в Устав ОАО «Кыргызалтын» и произвести перерегистрацию ОАО «Кыргызалтын» в органах юстиции в связи с увеличением уставного капитала.

ОАО «Кыргызалтын» подтверждает, что указанные в настоящем решении сведения, а также сведения, содержащиеся в представленных для государственной перерегистрации документов, достоверны, и в установленных законом случаях согласованы с соответствующими государственными органами и (или) органами местного самоуправления.

С/О-718

### "ФинасКредитБанк" ААК

**маалыматты ачыктоо тартиби жөнүндө төмөндөгүлөрдү маалымдайт:**

*Банктын Директорлор кеңешинин **2025-жылдын 12-августундагы** кезексиз кеңешмесинде Банктын башкармалыгынын орун басары А.Т. Алымбаевди ээлеген кызматынан өзүнүн берген арызына ылайык бошотуу тууралсында чечим кабыл алынды.*

### ОАО «ФинансКредитБанк»

**в порядке раскрытия информации уведомляет о нижеследующем:**

*На внеочередном заседании Совета директоров Банка **12 августа 2025 г.** принято Решение об освобождении от должности Заместителя Председателя Правления, Алымбаева А.Т., в соответствии с поданным заявлением об увольнении по собственному желанию.*

### ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***Мамралиев Сабит Онбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы №344528 (04.10.2011-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-402

***Өзгөн районунун тургуну Калыбаева Ракыя Абдыкапаровнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы Ч №544214 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-038

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 1-МАРТЫНДАГЫ №999-VII ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН 2023–2025-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИКТИ МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясына, "Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы №999-VII токтому менен бекитилген 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган Программанын 3-тиркемесинде:

– 1-глава төмөнкүдөй мазмундагы $4^2$-пункт менен толукталсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| $4^2$ | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын алдындагы "Типография" мамлекеттик ишканасынын мүлктүк комплекси | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-июнундагы 538-т тескемесин аткаруу үчүн мүлктүк комплекс "Учкун" ААКтын уставдык капиталына салым катары киргизилет |

".

**2.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-августу, №476***

## "ПРОЦЕССИНГ КЕЙДЖИ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН БАЗАСЫНДА ТӨЛӨМ ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ" ПИЛОТТУК ДОЛБООРУН ЖҮРГҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Заманбап санариптик технологияларды киргизүү, накталай эмес төлөмдөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу, өлкөнүн резиденттерине жана резидент эместерине финансылык кызматтарды көрсөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "Процессинг КейДжи" ачык акционердик коомунун базасында төлөм инфраструктурасын өнүктүрүү" пилоттук долбоору 2025-жылдын 15-августунан 2026-жылдын 15-августуна чейинки мөөнөттө жүргүзүлсүн.

**2.** "Процессинг КейДжи" ачык акционердик коому (мындан ары – "Процессинг КейДжи" ААК) төмөнкүдөй ишти жүзөгө ашыруу үчүн катышуучу катары аныкталсын:

1) чет өлкөлүк банктарда жана банктык эмес финансылык уюмдарда корреспонденттик жана алыш-бериш эсептерин өз алдынча ачуу;

2) алыш-бериш банкы катары резидент банктарды тартпастан, чет өлкөлүк банктардагы жана банктык эмес финансылык уюмдардагы корреспонденттик жана алыш-бериш эсептери аркылуу алыш-бериш операцияларын жүргүзүү;

3) платформанын кардарларынын атынан жана тапшыруусу боюнча же платформанын кардарларынын тапшыруусу боюнча "Процессинг КейДжи" ААКтын атынан финансылык төлөмдөрдү жана акчалай которууларды жүзөгө ашыруу үчүн "Процессинг КейДжи" ААКтын платформасында кардарларга алыш-бериш эсептерин ачуу;

4) башка өлкөлөрдө филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү ачуу, чет өлкөлүк финансылык компаниялардын жана банктардын капиталына кирүү;

5) төлөм уюму жана төлөм системасынын оператору катары учурдагы лицензиялардын алкагында ишти жүзөгө ашыруу, ошондой эле жогоруда аталган пилоттук долбоордун максаттарына жетүүгө багытталган башка аракеттерди жасоо.

**3.** "Процессинг КейДжи" ААКка төмөнкүлөр сунушталсын:

1) ушул токтомдун 2-пунктун ишке ашыруу боюнча зарыл чараларды көрүү;

2) төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына карата колдонулуучу мыйзамдарды, кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин сактоону камсыз кылуу.

**4.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына ушул токтомдун 1-пунктунда аталган пилоттук долбоордун талаптагыдай ишке ашырылышын камсыз кылууга көмөк көрсөтүү сунушталсын.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 15-августунан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 7-августу, №477***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 14-ДЕКАБРЫНДАГЫ №678 "ИШТИН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН ЛИЦЕНЗИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдарын системалаштыруу максатында, "Өрт коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 55-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 "Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жободо:

- 378, 379-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"378. Өрткө каршы автоматика системаларын долбоорлоого, өрткө каршы автоматика каражаттарын монтаждоого, жөндөөгө жана оңдоого, материалдарды, буюмдарды жана конструкцияларды оттон коргоо боюнча иштерди жүргүзүүгө, коргоо объекттеринин өрт коопсуздугуна баалоо жүргүзүүгө, өрттүн келип чыгуу себептерин аныктоого лицензияны алуу үчүн арыз ээси төмөнкүдөй документтерди кошумча берет:

1) өрткө каршы автоматика системаларын долбоорлоого:

- бул Жобонун 4-тиркемесинин формасы боюнча лицензия изденүүчүнүн жана анын адистеринин квалификациясы жөнүндө маалыматты;

- штаттык же жалданма адистердин квалификацияларын ырастоо үчүн лицензия изденүүчү көчүрмөлөрдү түп нускаларды көрсөтүү менен (зарыл болгон учурда) берүүгө тийиш: билими жөнүндө диплом, билими жөнүндө диплом жок болгон учурда квалификацияны жогорулатуунун атайын курстарын аяктагандыгын ырастоочу документ (беш жылдан ашык эмес); эмгек китепчелердин жана эмгек келишимдердин (эмгек макулдашууларды) көчүрмөлөрүн;

2) өрткө каршы автоматика каражаттарын монтаждоого, жөндөөгө жана оңдоого, материалдарды, буюмдарды жана конструкцияларды оттон коргоо боюнча иштерди жүргүзүүгө:

- лицензия изденүүчү аткарууга ниеттенип жаткан жумуштардын жана (же) кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын контролдоо системасынын сыпаттамасын;

- бул Жобонун 4-тиркемесинин формасы боюнча лицензия изденүүчүнүн жана анын адистеринин квалификациясы жөнүндө маалыматты;

- штаттык же жалданма адистердин квалификацияларын ырастоо үчүн лицензия изденүүчү көчүрмөлөрдү түп нускаларды көрсөтүү менен (зарыл болгон учурда) берүүгө тийиш: билими жөнүндө диплом, билими жөнүндө диплом жок болгон учурда квалификацияны жогорулатуунун атайын курстарын аяктагандыгын ырастоочу документ (беш жылдан ашык эмес); эмгек китепчелердин жана эмгек келишимдердин (эмгек макулдашуулардын) көчүрмөлөрүн;

3) коргоо объекттеринин өрт коопсуздугуна баалоо жүргүзүүгө:

- бул Жобонун 4-тиркемесинин формасы боюнча лицензия изденүүчүнүн жана анын адистеринин квалификациясы жөнүндө маалыматты;

- штаттык же жалданма адистердин квалификацияларын ырастоо үчүн лицензия изденүүчү көчүрмөлөрдү түп нускаларды көрсөтүү менен (зарыл болгон учурда) берүүгө тийиш: "Өрт/Техносфера коопсуздугу" жаатындагы кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом; эмгек китепчелердин жана эмгек келишимдердин (эмгек макулдашуулардын) көчүрмөлөрүн;

– тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасын ырастаган документти (объективдүү маалымат);

4) өрттүн келип чыгуу себептерин аныктоого:

– бул Жобонун 4-тиркемесинин формасы боюнча лицензия изденүүчүнүн жана анын адистеринин квалификациясы жөнүндө маалыматты;

- штаттык же жалданма адистердин квалификацияларын ырастоо үчүн лицензия изденүүчү көчүрмөлөрдү түп нускаларды көрсөтүү менен (зарыл болгон учурда) берүүгө тийиш: "Өрт/Техносфера коопсуздугу" жаатындагы кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом; эмгек китепчелердин жана эмгек келишимдердин (эмгек макулдашуулардын) көчүрмөлөрүн;

– тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасын ырастаган документти (объективдүү маалымат);

– лицензия изденүүчүнүн тиешелүү чөйрөдөгү квалификациясын жана кесиптик көндүмдөрүн ырастоочу эксперттин компетенттүүлүгү жөнүндө маалыматтарды берүүгө;

– өрттүн келип чыгуу себептерин аныктоо үчүн зарыл болгон текшерилген жабдуулар менен белгиленген тартипте жабдылган менчик жана (же) ижарага алынган адистештирилген жайлар жөнүндө ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык маалыматты.

379. Өрткө каршы автоматика системаларын долбоорлоодо, өрткө каршы автоматика каражаттарын монтаждоодо, жөндөөдө жана оңдоодо, материалдарды, буюмдарды жана конструкцияларды оттон коргоо боюнча иштерди жүргүзүүдө, коргоо объекттеринин өрт коопсуздугуна баалоо жүргүзүүдө, өрттүн келип чыгуу себептерин аныктоодо лицензиялык талаптар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) лицензиаттын өрт коопсуздугу жаатындагы жумуштардын жана (же) кызмат көрсөтүүлөрдүн лицензиялануучу түрлөрүн жүзөгө ашырууда пайдаланылуучу объекттеринин өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келиши;

2) лицензиат тарабынан өрт коопсуздугу жаатындагы жумуштардын жана (же) кызмат көрсөтүүлөрдүн лицензиялануучу түрлөрүн жүзөгө ашырууда өрткө каршы ченемдердин жана эрежелердин сакталышы;

3) лицензиат тарабынан аткарылуучу өрт коопсуздугу жаатындагы жумуштардын жана (же) кызмат көрсөтүүлөрдүн лицензиянын колдонуу чөйрөсүндө уруксат берилгендерге шайкештиги;

4) өрт коопсуздугу жаатындагы жумуштарды жана (же) кызмат көрсөтүүлөрдү өз убагында атайын курстарда окуудан же квалификациясын жогорулатуудан өткөн жана (же) жогорку же орто атайын билими бар адистердин аткаруусу;

5) өрткө каршы коргоонун автоматтык системасын долбоорлоо боюнча иштерди жүргүзүүдө метрологиялык сыноолордон өткөн жабдууларды жана өлчөө каражаттарын пайдалануу;

6) өрткө каршы коргоонун автоматтык системасын долбоорлоо боюнча иштерди жүргүзүүдө өрт коопсуздугу жаатында сертификаттоодон өткөн жабдууларды жана продукциянын өрткө каршы коргоо системаларын пайдалануу.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-августу, №478***

## 2025–2029-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БАЛЫК УУЛООЧУЛУКТУ ЖАНА АКВАКУЛЬТУРАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 22-июлундагы №202 "Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2025–2029-жылдарга Кыргыз Республикасында балык уулоочулукту жана аквакультураны өнүктүрүү программасы 1-тиркемеге ылайык;

2) 2025–2029-жылдарга Кыргыз Республикасында балык уулоочулукту жана аквакультураны өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 2-тиркемеге ылайык;

3) 2025–2029-жылдарга Кыргыз Республикасында балык уулоочулукту жана аквакультураны өнүктүрүү программасына мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун (көрсөткүчтөрүнүн) матрицасы 3-тиркемеге ылайык;

4) 2025–2029-жылдарга Кыргыз Республикасында балык уулоочулукту жана аквакультураны өнүктүрүү программасынын ресурстук наркын баалоо 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Министрликтер жана административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:

1) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Иш-чаралар планын аткарууга кабыл алсын;

2) квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 10уна чейин ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын

Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине берсин;

3) бул токтомдон келип чыгуучу иш-чаралар кызыкдар министрликтер жана ведомстволор үчүн тиешелүү жылдарга бекитилген каражаттардын эсебинен, ошондой эле мамлекеттик инвестицияларды тартуу менен ишке ашырылат.

**3.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15ине чейин ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берсин.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-августу, №481***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО





Кызыл-Суу айыл аймагы чыгышынан Оргочор, батышынан Дархан айыл аймактары менен чектешет. Борбору - Кызыл-Суу айылы. Аймактын жалпы аянты 27 909 га түзөт. Саруу, Жалгыз-Өрүк, Санаторий, Жууку, Кайнар, Кирпичный жана Пристань айылдарында бардыгы болуп 26924 адам жашайт.
Жети-Өгүз районундагы Кызыл-Суу аймагына 2023-жылы таза суу киргизүү иштери башталган. Аймактын башчысы Алишер Нурбек уулу бул багытта чоң аракеттерди көрүүдө. Анын айтымында, таза суу долбоорунун жалпы наркы 1 млрд сомго жетиши мүмкүн. Бул да болсо айыл тургундарынын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган ири кадамдардын бири.
Аймак башчысы болуп жаңыдан шайланган Алишер Нурбек уулу өз ишмердүүлүгүн айыл чарба, туризм жана ишкердикти өнүктүрүүгө багыттап жатат. Ал мал чарбачылыгы менен өсүмдүк өстүрүүдө да заманбап ыкмаларды колдонууну, тамчылатып сугаруу системаларын кеңири жайылтууну максат кылууда.
Мындан тышкары, жеке ишкерлерди ар тараптан колдоо аркылуу азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана айыл ичиндеги социалдык, коммуналдык кызматтардын сапатын жогорулатуу пландалууда. Бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү да айыл аймактын алдыдагы негизги максаттарынын бири. Бул багытта аймак башчысы Алишер Нурбек уулу гезит окурмандарына алдыдагы иш-аракеттери тууралуу бөлүштү.

**Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл аймагынын башчысы Алишер Нурбек уулу:**

# “ТАЗА СУУ ДОЛБО СОМГО ЖЕТИШИ К

## КАЛККА КӨРҮЛГӨН КАМКОРДУК

- Аймактын инфраструктурасын жакшыртуу жана жергиликтүү бюджеттин кирешесин көбөйтүү аркылуу өндүрүш жана кайра иштетүү тармактарын, логистика жана текстиль өндүрүшүн өнүктүрүү багытында иш жүрүүдө. Айрыкча, тамчылатып сугаруу технологиясы аркылуу дыйканчылыкты өнүктүрүү калктын кирешесин жогорулатууга оң таасирин тийгизүүдө.

Акыркы убакта миграция процессинин деңгээли төмөндөп, айыл жеринде иштеп жаткан жарандардын саны да өсүүдө. Мисалы, Кирпичный айылында эки кирпич заводу жана 300 орундуу «Азиар» кийим тигүү фабрикасы ачылып, жергиликтүү эл үчүн жумуш орундары түзүлдү.

Жети-Өгүз райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын демилгеси менен атайын адистер тарабынан дыйкандар үчүн үзгүлтүксүз окуу курстары уюштурулуп, кулпунай жана малина өстүрүү, мөмө-жемиш бактарын дарылоо боюнча тажрыйбалар көрсөтүлүүдө. Жыйынтыгында быйыл кулпунай жана малина өстүрүүгө өткөн дыйкандардын саны 45 пайызга өстү. Ал эми терим маалында жеринде иштеген адамдар күнүнө 1000 сомдон өйдө киреше табууда.

## ТАЗА СУУ, ТАШТАНДЫ МАСЕЛЕСИ

- Кызыл-Суу айыл аймагында калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу акыркы жылдары приоритеттүү маселелердин бири болуп келе жатат. Бул иййгиликтер Дүйнөлүк банктын каржылоосу аркылуу башталган таза суу долбоорунун алкагында жетишилүүдө. 1950–1960-жылдары курулган Кызыл-Суу айылынын суу түтүк системасы эскилиги жетип, пайдаланууга жараксыз болуп калган. Мунун негизинде 2023-жылдан тарта жаңы суу түтүк линиялары тартылып, ар бир кожолукка суу эсептегичтери орнотулууда. Ошондой эле резервуарлар жана сууну алуу үчүн скважиналар курулууда. Долбоор аяктаганда саркынды сууларды тазалоочу жай да курулуп, таза суу системасы толук жаңыланат. Мунун натыйжасында айыл эли ичүүчү таза сууга толук жетет. Жалпысынан алганда жакынкы жылдары айыл аймактын калкынын 100 пайызын таза суу менен камсыз кылуу пландалып, 3644 кожолукка ичүүчү суу жеткирилет. 2029-жылга чейин система толук жаңыртылып, долбоордун жалпы баасы 1 млрд сомду түзүүдө.

Ошол эле учурда тиричилик калдыктарын чыгаруу дагы актуалдуу маселелердин бири болуп, калктын 90 пайызын камтууга аракет кылуудабыз. Азыркы учурда Дархан, Саруу, Кызыл-Суу, Оргочор жана Светлая-Поляна айылдарынын таштандылары уруксаттуу полигонго чыгарылууда. Бирок заманбап талаптарга жооп берген жаңы таштанды полигонун ачуу зарылчылыгы келип чыкты.

Бул максатта таштандылардын сорттоо жана кайра иштетүү боюнча иштер пландалып, «Кызыл-Суу Тазалык» муниципалдык ишканасы аркылуу кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер көрүлүүдө. Учурда таштандыларды чогултуу жана алардын түрү боюнча бөлүү иши бир топ кыйынчылыктар менен коштолууда. Муну менен катар аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө таштанды кызматы үчүн төлөмдү жеңилдетүү чаралары көрүлүп, жергиликтүү бюджеттен 1,5 млн сом бөлүнүп, өтө жакыр үй-бүлөлөр бул төлөмдөрдөн бошотулган.

## ИЧКИ ЖОЛДОР ЖАНА КӨЧӨ ЖАРЫГЫ

- Аймактагы ички жолдордун жалпы узундугу 74 чакырымды түзүп, буга чейин алардын 40 пайызы асфальтталган. Аймактын жол тармагын жакшыртуу максатында бир катар иштер аткарылып жатканы менен, айрым көйгөйлөр бул багыттагы өнүгүүгө тоскоол болууда. Атап айтканда, ички жолдорду асфальттоого жетиштүү каржылоо жок, айыл ичиндеги көпчүлүк көчөлөрдө жөө жүргүнчүлөр үчүн тротуар салынган эмес, жол белгилери жетишсиз, таштак жолдордо шаңдын жоктугу жүрүүгө кыйындык жаратууда. Алдыда белгиленген көйгөйлөрдү чечип, бул жыл ичи асфальтталган жолдордун үлүшүн 55 пайызга жеткирүүнү белгилеп жатабыз. Айыл ичиндеги жолдорду оңдоо иштери 2026-жылдан баштап Кызыл-Суу айылынын ички жолдоруна асфальт төшөө этап-этабы менен жүргүзүлөт.

Ошондой эле коомдук жайларды жана көчөлөрдү жарыктандыруу маселеси дагы курч бойдон калууда. Учурда бул кызмат менен аймактын көчөлөрүнүн 20 пайызы гана камсыз болгон. Мунун негизги себеби, каржынын тартыштыгы жана жергиликтүү калк тарабынан демилгелердин жетишсиздиги болууда. Ошентсе да, жакынкы жылдары көчө жарыгын 50 пайызга чейин жеткирүү пландалууда. Бүгүнкү күндө Кызыл-Суу айылындагы Тоо-Этеги жана МСО жаңы конуштары үчүн көчө жарыктандыруусун уюштуруу иштери башталууда. Узундугу 13,5 чакырым болгон көчөлөргө мамылар орнотулуп, электр зымдары тартылат.



Мамлекеттик катчы М.Иманкулов аймакта өткөн республикалык деңгээлдеги форумда

## СПОРТ, МАДАНИЯТ, БАЛА БАКЧА

- Аймакта спорт, маданият, турак жай тармагын өнүктүрүү социалдык маанилүү багыттардын бири. Алдыда жаштардын жана өспүрүмдөрдүн спорт менен активдүү алектенүүсүн колдоо максатында жаңы спорт залдарды куруу, жабдуулар менен камсыздоо жана аялдар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында иштер жүрүүдө.

Маданият тармагы боюнча айта кетсек, Кызыл-Суу айыл аймагында көп жылдар бою колдонулбай калган эски кинотеатр кайра ишке киргизилип, ал жерде кино көрсөтүүлөрдөн тышкары ар кандай маданий иш-чараларды өткөрүүгө шарттар түзүлгөн. Ошентсе да, маданият тармагынын өнүгүшүнө ар кандай ийримдердин жетишсиздиги, маданият үйүнүн жана аймактагы 3 маданият үйүнүн материалдык-техникалык базасынын начар абалы, санитардык шарттардын, дааратканалардын талапка жооп бербестиги, музыкалык жана техникалык аспаптардын жетишсиздиги бар десек болот.

Мектепке чейинки билим берүүнүн деңгээли акыркы жылдары кыйла өссө да, бул тармакта чечиле элек көйгөйлөр бар. 2025-жылга карата балдардын 80 пайызы гана бала бакча менен камтылып, калган бөлүгү кезекте турууда. Бул айыл ичиндеги бала бакчалардын жетишсиздигинен жана калктын өсүшүнөн улам жаралган маселе. Алдыда балдардын бакчага баруусун 85 пайызга жеткирүүнү пландап, кошумча бала бакчаларды куруу, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк



Лизинг аркылуу келген техникалар


Кызыл-Суу айыл аймагында айыл чарба өнөр жай комплекси түзүлүүдө

# ОРУ 1 МЛРД КҮТҮЛҮҮДӨ”

аркылуу мекемелерди ачуу жана бар болгон жайларды кеңейтүү иштери жүрүүдө.

### АЙЫЛ ЧАРБА, АСЫЛ ТУКУМ МАЛ ЖАНА ЗАМАНБАП ТЕЙЛӨӨ

- Кызыл-Суу айыл аймагында айыл чарба негизги экономикалык тармак бойдон калууда. Аймактагы айыл чарба өндүрүшүнүн 69%ы өсүмдүк өстүрүүгө туура келет. Мисалы, өрүк, карагат, малина, кулпунай өндүрүүдө сатуу рыногунун жоктугу негизги тоскоолдуктардан. Бул маселени чечүү үчүн тоңдуруучу кампаларды куруу боюнча аракеттер көрүлүүдө.

Мал чарбачылыгы аймак экономикасынын негизги багыттарынын бири. Бул тармакта натыйжалуулукту арттыруу үчүн асыл тукум малды көбөйтүү жана малды дарылоодо заманбап ыкмаларды киргизүү пландалган. Айыл өкмөтү жана Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин региондук бөлүмдөрү менен биргеликте малчыларга консультация жана практикалык сабактар уюштурулуп, алардын билими жана көндүмдөрү жогорулоодо.

Мындан тышкары, 390 000 сомго "Ангус" породасындагы бука жана 200 000 сомго "Арашан" породасындагы 8 кочкор сатып алынды. Ошондой эле, 2026-жылга чейин асыл тукум малдын санын 20%га көбөйтүү максатында жасалма уруктандыруу пункту ачылып, ага керектүү жабдуулар жана үрөн материалдары ишкерлердин тике инвестицияларынын эсебинен камсыздалат. Бул багытка жалпысынан 1 млн сом каралган.


Малга медициналык жардамды жеткиликтүү кылуу үчүн айыл аймагында көчмө ветеринардык кызмат көрсөтүлөт. Бул максатта 8 даана көчмө роскол орнотуу каралып, жалпы 1,6 млн сом бөлүнөт.

### ТУРИЗМ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАРДЫ ТААНЫТУУ

- Кызыл-Суу–Санаторий жолу толугу менен бүткөрүлүп, Кызыл-Суу–Кайнар жолунун 80%ы асфальтталган. Боз үйлөр шаарчасы түзүлүп, туристтер үчүн шарттар жакшыртылды. Мамлекеттик деңгээлде лыжа базасын куруу жана жергиликтүү туристтик объекттерди паспорттоштуруу иштери жүрүп жатат.

Аймактын уникалдуу жаратылыш байлыктары болгон “Кызыл үңкүр”, жылуу булактарды, Жети-Өгүздүн “жети кереметин” өзгөчө туристтик пункт катары жайылтуу каралууда. Каракол–Балыкчы автожолунун боюнда үч тилде көрсөтмө багыттар орнотулат. Мындан сырткары, Кызыл-Сууда туристтик дестинацияны түзүү, маданий жана табигый мурас объектилерин талдап, аларды паспорттоштуруу иштери жүрөт. Туристтерге жогорку деңгээлде тейлөө көрсөтүү максатында, меймандос кыргыз элинин каадасалтын таанытуу жана туристтик объект ээлерине талаптарды күчөтүү боюнча да атайын токтом кабыл алынат.

2025-2026-жылдары жөө туризм, тоо, экологиялык жана экстремалдык туризм багыттары боюнча атайын маршруттар иштелип чыгып, картага киргизилет. Бул өз алдынча саякаттоочу туристтердин санын көбөйтүүгө өбөлгө болот.


Пляждагы куткаруучулар үчүн мунаралар коюлду

### СОЦИАЛДЫК КОРГОО ЧАРАЛАРЫ

- Калктын аярлуу катмарына колдоо көрсөтүү боюнча ишкердикке тартууда айрым жаш үй-бүлөөлөр социалдык контракт аркылуу кой багып, кийин “Арашан” породасындагы койлорго алмаштырып, мал чарбасын кеңейтишүүдө. Кол өнөрчүлүк менен алектенгендер республикалык жана облустук жарманкелерге катышып, ийгиликтерге жетишүүдө. Айыл өкмөтү тараптан жол кире, отун-көмүр жана материалдык жардамдар берилип, ветеринардык тейлөө үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.

Жаштарды зарыл кесиптерге үйрөтүү үчүн кесиптик лицейлер менен кызматташтык жүргүзүлүп, практикалык сабактар айыл ичиндеги мекемелерде уюштурулууда. Ар бир мамлекеттик жана муниципалдык мекемеге бирден аялуу үй-бүлө бекитилип, дайыма колдоо көрсөтүлөт. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарда 5% квота менен аярлуу топтордун өкүлдөрү ишке алынууда (өз макулдугу менен). Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар арасында да туруктуу киреше табууга аракет кылган үй-бүлөөлөр аз эмес. Өзгөчө жаз, жай жана күз мезгилинде дыйкан-фермерлер менен чогуу иштеп, каражат табууга шарттар түзүлүүдө.

### ТУРАК ЖАЙ ЖАНА ЖЕР МАСЕЛЕЛЕРИ

- Кызыл-Суу айылы райондун борбору болгондуктан, ички миграция күчтүү. Учурда мамлекеттик ипотека аркылуу турак жайга муктаж жарандарды үй менен камсыз кылуу маселеси каралып, турак жай курууга жеткиликтүү жер тилкеси болгону 2,8 гектарды түзөт. Акыркы үч жыл ичинде Кызыл-Суу айыл өкмөтүндө жер трансформациясы болбосо да, Саруу айыл өкмөтү менен кошулгандан кийин маанилүү кадамдар жасалды. Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасы менен бажы бекети үчүн 10 га, чек ара посту үчүн 2 га жер трансформацияланып, документтер толук өткөрүлүп берилди. Айыл ичиндеги 2,8 га жер тилкеси калктын өсүшү жана жарандардын кайрылуулары эске алынып, мамлекеттик ипотека программасы аркылуу көп кабаттуу үйлөрдү курууга сунушталууда.

### СУГАТ СУУ ЖАНА ИРРИГАЦИЯ

- Сугат суу жоготууларын азайтуу үчүн дамба жана каналдар жыл сайын оңдолуп турат. Сугат суу менен камсыздоону жакшыртуу максатында, айыл ичиндеги 18 чакырым канал механикалык тазалоодон өткөрүлүп, сугат суу менен камсыз болуу 80 пайызга жетүүсү күтүлүүдө. Бул сугат маселесин чечүүгө олуттуу салым кошот.

Тамчылатып сугаруу системасына өтүү жана суу сактагыч куруу боюнча республикалык бюджетке жана донордук долбоорлорго сунуштар жөнөтүлгөн. Чоң-Кызыл-Суу дарыясына дамбалар курулуп, “Бадан групп” ЖЧКсы тарабынан өзөндү тазалоо иштери жүргүзүлүп жатат. Тазаланган материалдар кайра иштетилип, курулуш тармагында пайдаланылууда.

Аймактын айыл чарбасын өнүктүрүүдө ирригация системасын жакшыртуу негизги ролду ойнойт. Учурда Санаторий айылында ички чарбалык сугат тармагын куруу боюнча жалпы узундугу 200 м түзгөн чакан каналдарга лотоктор орнотулат. Натыйжада айылдын сугат суу менен камсыз болушу 60%га жогорулайт. Бул иштерге 650 миң сом каралган.

Жалгыз-Өрүк айылында каналдарды жаңылоо боюнча 560 м узундуктагы каналдарга заманбап лотоктор орнотулуп, суу жоготуусуз жеткирилет. Натыйжада айыл толугу менен сугат суу менен камсыз болот. Бул долбоор жергиликтүү бюджеттин эсебинен 3,5 млн сомго каржыланууда.

Чоң-Кызыл-Суу жана Кичи-Кызыл-Суу сууларынан түшкөн аймактардагы арыктарга жалпы сегиз даана суу тосмо орнотулат. Ар бир арык үчүн төрттөн тосмо коюлуп, жалпысы 160 миң сомдук иштер жүргүзүлөт. Жалпысынан ирригация системасына болгон бюджеттик инвестициялардын көлөмү 4 миллион 150 миң сомду түзөт.

### ЖАЙЫТТАРДЫ ЖАКШЫРТУУ

- 2023-жылдан тарта деградацияга дуушар болгон жайыттарда үрөн себүү иштери башталып, акырындап жерлер калыбына келтирилүүдө. Бул максатта жыл сайын 2 га жерге атайын чөп үрөндөр себилүүдө. Бул деградацияны азайтып, мал үчүн сапаттуу жайыттардын сакталышына өбөлгө болот.

Бүгүнкү күндө жайыт комитеттери менен муниципалдык ишканаларды бириктирүү процесси жүрүп жатат. Бул иш толук аяктагандан кийин жергиликтүү бюджеттин жардамы менен көчө жарыктандырууну альтернативдик энергия булагы аркылуу камсыздоо пландалууда.

### ЭКОЛОГИЯНЫ КОРГОО

- Кызыл китепке кирген флора өкүлдөрүн сактоо максатында “Лидер” коомдук бирикмеси тарабынан Кара-Булуң участкасында 15 га жер тилкеси кичи корук катары уюштурулду.

Көл жээктеги 100 м чейинки курулуштарды тазалоо иштери жүргүзүлүп, мыйзамсыз курулуштар алынууда. Ошондой эле, көл жээгиндеги эс алуу жайларынан чыккан саркынды суулардын түз көлгө агып киришине бөгөт коюлуп, таза суу системасы ишке ашкандан кийин саркынды суу системасын куруу пландалууда.

Аймактагы таштанды маселесин чечүү максатында стандарттарга жооп берген жаңы таштанды полигонун ачуу иштери да башталууда. Учурдагы полигондун жайгашкан жери көл жээгине жана жолго жакын болгондуктан, ал талапка жооп бербейт деген сын пикирлерден улам жаңы полигон үчүн ылайыктуу жер каралууда.

### ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КӨБӨЙҮШҮ – КИРЕШЕЛЕРДИН ЖАҢЫ БУЛАКТАРЫ

- 2023-жылы жергиликтүү бюджетке салык түрлөрүнөн 130 миң сомдон ашуун киреше түшсө, 2027-жылы бул көрсөткүч 197 миң сомдон ашат деп турабыз. Мурда эсепке алынбай келген жер тилкелери мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп, жеке ишкерлерге ижарага берилүүдө. Айыл чарба багытындагы жерлердин ижара акысы да жердин сапатына жараша кайра каралып, 2024-жылдын 29-майындагы токтомдун негизинде 1 га жерге 15 миң сомго чейин көтөрүлдү. Бул өз кезегинде бюджетке кошумча киреше алып келет. Ал эми 2025-жылдан баштап, мурдагы мораторий алынгандан кийин жер салыгы кайра жанданат. Бул да жергиликтүү бюджеттин туруктуулугуна жана айыл аймактын өнүгүүсүнө түрткү болот.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 31-МАЙЫНДАГЫ №302 "БИРДИКТҮҮ КАЗЫНАЛЫК ЭСЕП СИСТЕМАСЫНДАГЫ АТАЙЫН ЖАНА ДЕПОЗИТТИК ЭСЕПТЕРДЕ ТОПТОЛГОН БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-бөлүгүнүн 3-пунктунун "з" пунктчасын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жободо:

жогоруда аталган Жобонун тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы $9^1$-пункт менен толукталсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| $9^1$ | САЧКӨМдүн ведомстволук мекемелеринин борбордук аппаратка чегерүүлөрү | САЧКӨМ | САЧКӨМдүн ведомстволук мекемелеринин кирешелери |

";

- 17-пункттагы "СД" деген аббревиатура "Сот актыларын аткаруу маселелери боюнча өндүрүп алуу укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөргө алмаштырылсын;

53-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| 53 | Негизги капиталга инвестициялардын жана капиталдык салымдарга чыгымдардын, анын ичинде мамлекеттик казыналык милдеттенмелер тарабынан төлөнгөн чыгымдардын көлөмүнөн 2,9 пайызга чейинки өлчөмдөгү түшүүлөр | Мамлекеттик мекемелер |

";

- Кыскартуулардын тизмесинде:

он алтынчы абзацтагы "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

жыйырма сегизинчи, отуз экинчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"**САЧКӨМ** – Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 12-августу, №485***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №131 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 289, 297, 298 ЖАНА 299-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн ишине жагымдуу шарттарды түзүү жана колдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 298-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №131 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 289, 297, 298 жана 299-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 10-тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма бешинчи сап менен толукталсын:

"

| | |
|---|---|
| 0601 10 300 0 | Жоогазындар: тамырдын тоголок башы, түймөчөлөр, жемиш тамырлар, тоголок тамырлар, тамыр сабактары, анын ичинде жайылгандар, вегетациялык тынч абалдагы |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 12-августу, №488***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 14-ДЕКАБРЫНДАГЫ №678 "ИШТИН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН ЛИЦЕНЗИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жарандар үчүн ашыкча административдик тоскоолдуктарды жоюу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 "Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жободо:

– 290-пунктта:

3-пунктчада "нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

4-пунктчада "нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же акыркы иштеген жери боюнча күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 12-августу, №486***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯ, КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ ЖАНА "ЖАШЫЛ" ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын жана мекемелердин экология, климаттын өзгөрүшү жана "жашыл" экономиканы өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ишин координациялоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы №221 "2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө", 2021-жылдын 19-мартындагы №77 "Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун жана климаттык туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" жана 2025-жылдын 5-июнундагы №178 "2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" жарлыктарын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Экология, климаттын өзгөрүшү жана "жашыл" экономиканы өнүктүрүү маселелери боюнча координациялык кеңеши 1-тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экология, климаттын өзгөрүшү жана "жашыл" экономиканы өнүктүрүү маселелери боюнча координациялык кеңеши жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Климаттык каржылоо борбору Кыргыз Республикасынын Экология, климаттын өзгөрүшү жана "жашыл" экономиканы өнүктүрүү маселелери боюнча координациялык кеңештин катчылыгы болуп аныкталсын.

**4.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-январындагы №46 "Климаттын өзгөрүшү, экология жана "жашыл" экономиканы өнүктүрүү маселелери боюнча координациялык кеңеш жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 9-сентябрындагы №166 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-январындагы №46 "Жашыл" экономиканы өнүктүрүү жана климаттын өзгөрүшү боюнча координациялык кеңеш жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №197 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-январындагы №46 "Климаттын өзгөрүшү, экология жана "жашыл" экономиканы өнүктүрүү маселелери боюнча координациялык кеңеш жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-майындагы №245 "Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү боюнча координациялык комитет жөнүндө" токтому.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 12-августу, №487***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо иштерин аткаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, сапатын камсыз кылуу жана мөөнөттөрүн кыскартуу, объекттерди куруу жана капиталдык оңдоо жаатындагы стратегиялык маанилүү долбоорлорду аткарууну тездетүү, бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-июнундагы №307 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик (муниципалдык) уюмдар жана мекемелер үчүн объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча башкы подрядчы катары иштерди аткаруу.";

2) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик (муниципалдык) уюмдар жана мекемелер үчүн объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча башкы подрядчы катары иштерди аткаруу.";

3) жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемесинде:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик (муниципалдык) уюмдар жана мекемелер үчүн объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча башкы подрядчы катары иштерди аткаруу.";

4) жогоруда аталган токтомдун 4-тиркемесинде:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик (муниципалдык) уюмдар жана мекемелер үчүн объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча башкы подрядчы катары иштерди аткаруу.";

5) жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинде:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик (муниципалдык) уюмдар жана мекемелер үчүн объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча башкы подрядчы катары иштерди аткаруу.".

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 17-июлундагы №396 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ишин оптималдаштыруу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 16-пунктча менен толукталсын:

"16) мамлекеттик (муниципалдык) уюмдар жана мекемелер үчүн объекттерди долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча башкы подрядчы катары иштерди аткаруу.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 12-августу, №489***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЕЛГИЛҮҮ БИР АҢЧЫЛЫК ЖЕРЛЕРИНДЕ МЕРГЕНЧИЛИК ЧАРБА ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮ УКУГУН ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРҮҮГӨ КОНКУРС ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын белгилүү бир аңчылык жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын белгилүү бир аңчылык жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүүгө конкурс өткөрүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-августундагы №440 "Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 30-мартындагы №173 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-августундагы №440 "Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-мартындагы №164 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-августундагы №440 "Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы №423 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-августундагы №440 "Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-августу, №480***

## ПАТОЛОГОАНАТОМИЯЛЫК СОЮУНУ МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИН ЖАНА УЧУРЛАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Патологоанатомиялык союуну милдеттүү түрдө жүргүзүүнүн тартиби жана учурлары тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин жана ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**3**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-августу, №483***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК ӨРТ КӨЗӨМӨЛҮ ЖАНА ӨРТКӨ КАРШЫ МАМЛЕКЕТТИК ПРОФИЛАКТИКА ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Өрт коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2, 6, 15-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрт көзөмөлү жана өрткө каршы мамлекеттик профилактика жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги үчүн бекитилген штаттык сандын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**3**. Күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-майындагы №214 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрт көзөмөлү жана өрткө каршы мамлекеттик профилактика жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы №287 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-майындагы №214 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрт көзөмөлү жана өрткө каршы мамлекеттик профилактика жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-августу, №484***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 25-октябрындагы №304 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92, 93-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемесине кошуу жолу менен кайра уюштурулсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июнундагы №308 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун 5, 7-пунктчалары;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №245 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө" токтомунун 9-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-мартындагы №116 "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруу маселелери жөнүндө" токтомунун 2-пункту.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасынын иши токтотулган учурдан тартып күчүнө кирүүчү 3-пунктун кошпогондо, ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-августу, №490***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН АТ-БАШЫ ЖАНА АК-ТАЛАА РАЙОНДОРУНДА, ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН ТОГУЗ-ТОРО ЖАНА СУЗАК РАЙОНДОРУНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОКТОРУН "ЗАПАСТАГЫ ЖЕРЛЕР", "МАМЛЕКЕТТИК ТОКОЙ ФОНДУНУН ЖЕРЛЕРИ" ЖАНА "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

